**21-БӨЛҮМ**


# Омурткалардын кургак учугу

## Потт оорусу

Омурткалардын кургак учугу кыйла сейрек учурайт. Ал жакыр коомчолордо, айрыкча балдарда көбүрөөк кездешет. Бул сөөктөрдүн кургак учугунун эң көп учураган түрү болуп эсептелет.

**Ооруну эрте аныктап, эрте дарылап баштабаса,** омурткалардан кийин ***нервтер*** жабыркап, адам ***шал*** болуп калат.

**Эгер баланын омуртка тутумунун ортоңку бөлүгүндө курч бурчтуу дөмпөйүү калыптана баштаса жана бул көкүрөгүнүн кыскарышы жана жоонуюшу менен коштолсо, бул омурткалардын кургак учугу болушу ыктымал.** Эгер үй-бүлөдө өпкө кургак учугу менен ооруган адам бар болсо, анда балада омурткалардын кургак учугу бар экени дээрлик анык.





***Омуртка тутуму*** алдыга ийрийгендиктен, тулкусун тик кармоо үчүн, бала колдоруна таянууга аргасыз болот.

**Мындай жагдайда тезинен медициналык жардам үчүн доктурга кайрылыңыз.** Ооруну так аныктоо үчүн, териде Манту реакциясын текшерүү, көкүрөктүн жана омурткалардын рентгенограммасын алуу жана абсцесстерден (ириңге толгон жаралар) алынган ириңди микроскоп аркылуу текшерүү жардам бериши мүмкүн. Эгер рентгенограмма сөөктүн бузулуп жатканын көрсөтсө, балада кургак учуктун козгогучтары табылбаганда деле, аны кургак учуктан дарылап баштоо зарыл.

БЕЛГИЛЕРИ

- Кичинден бара-бара башталат, көп учурда башында ооруу болбойт.
- Бир же бир нече омуртканын алдыңкы бөлүгү бузулуп бытыранып кеткендиктен, омуртка тутумунда дөмпөйүү пайда болот.







- Бала эңкейип жерден бир нерсе алууда кыйналат.
- Омуртка тутумундагы оркоюп турган жеринин жанында ириңге толгон абсцесс пайда болушу мүмкүн. Анын астыңкы бөлүгү жарылып, андан ириң чыгышы ыктымал.
- Оору илгерилеген сайын арка ооруй башташы мүмкүн.
- ***Жүлүн*** жабыркап калгандыгынын белгилери: бут булчуңдарында ооруу, сезгичтик жоголуу, алсыздык же шалдык пайда болушу же табарсыктын жана ичегилердин функциялары бузулушу мүмкүн. (“Жүлүн жабыркоо” бөлүмүн караңыз, 175-бет.)
- Териде Манту реакциясы текшерилгенде, көбүнчө бар болуп чыгат. (Бирок текшерүүнүн бул ыкмасы бала буга чейин кургак учукка каршы ***эмделбеген*** жагдайда гана иштейт.)
- Көп учурда үй-бүлөдө бирөө кургак учук менен ооруйт.
- Омурткалардын кургак учугу менен ооруган балдардын жарымында гана өпкөнүн кургак учугу да бар болуп чыгат.

## Дарылоо


- **Кургак учукка каршы колдонулуучу дарылардын** дароо бир нечесин жок дегенде 1 жыл бою берүү зарыл болот (өпкөнүн кургак учугун дарылоодогудай эле). (*"Үй-бүлөнүн ден соолугу үчүн"* деп аталган китептин 180-бетин караңыз.)
- **Арканы бир калыпта бекем кармоочу жасалга** жабыркаган омуртка тутумун түзүрөөк кармоого жардам бериши мүмкүн. Бутту бир калыпта бекем кармоочу жасалгаларды алуу үчүн колдонулуучу ыкманы пайдаланып, мындай жасалганы гипстен же пластиктен жасоого болот (558-бетти караңыз).

Же мындай жасалганын эң жөнөкөй түрүн каңылтырдан же буга жараган башка материалдан жасаңыз:


1. Калың каңылтырдан сүйрү формада бөлүк кесип алыңыз.




2. Күчкө салбай, баланын аркасын мүмкүн болушунча түзүрөөк абалына келтирүүгө аракет кылыңыз. Каңылтыр бөлүккө балканын жардамы менен баланын аркасынын формасын бериңиз.



3. Каңылтыр бөлүктүн астына жумшак төшөмчө салып, аны жумшак кездеме менен ороңуз.



4. Даяр болгон жасалганы баланын аркасына коюп, үстүнөн ийкемдүү таңгыч менен ороңуз.



**ЭСКЕРТҮҮ!** Таңгыч баланын эч бир жерин оорутпашы, терисине зыян тийгизбеши жана дем алуусуна тоскоол болбошу шарт.

Буга чейинки беттеги сүрөттө көрсөтүлгөн балага жергиликтүү сыныкчылардын бири так ушундай ыкманы колдонуп жардам берген.

- Оор же көптөн бери каралбай калып өтүшүп кеткен учурларда, омурткаларды түздөп, туруктуу абалына кетирүү үчүн, **хирургиялык операция** талап кылынышы мүмкүн.

**ЭСКЕРТҮҮ!** Шалдык жаралуу коркунучу бар болгондуктан, мүмкүн болсо, хирург-ортопед менен кеңешүү зарыл.

## Келечекке болгон үмүттөр

Негизи, жабыркаган сөөктөр эртелеп башталган жана аягына чейин жеткизилген дарылоонун жардамы менен бириктирилип, көп учурда бир аз бүкүрөйүү калса да, бала кадимкидей эле тиричилик кылууга мүмкүнчүлүк алат.

Эгер нервтер жабыркоо жана шалдык жайылуу процесстери башталып калган болсо, кээде хирургиялык операция (же дарылоо мезгилинде ортопедиялык каражаттарды колдонуу) кайсы бир өлчөмдө жардам бериши мүмкүн.

Эгер нервтер катуу жабыркап калган болсо, жүлүн жабыркоодогудай ***реабилитациялоо*** **иш-аракеттери** (23-, 24- жана 25-бөлүмдөрдү караңыз) талап кылынат.

Кургак учук омурткаларга өтүп кетпеши үчүн, илдетти эртелеп аныктап, эртелеп дарылап баштоо зарыл. Мындан тышкары, жакырчылыкты азайтуу иш-аракеттерин күчөтүү талап кылынат. Кургак учукка каршы эмдөө жүргүзүүнүн мааниси да чоң.